**УДК 373.2**

***Белекова А., Жантаев А., Кыдыралиева Г., Орозобек кызы Ж.***
*Белекова Асел – окутуучу, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Жантаев Адилбек – ф.и.д., профессор, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Кыдыралиева Гүлзат – Икнын директору, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Орозобек кызы Жылдыз – окутуучу, С. Нааматов атындагы НМУ*

# НМУНУН КОЛДОНУУЧУЛАРЫНЫН КЕРЕКТҮҮ МААЛЫМАТТЫ ИЗДӨӨ, АЛАРДЫ ИЛИМИЙ ЖУРНАЛДАРДА ПУБЛИКАЦИЯ ҮЧҮН КОЛДОНУУ БОЮНЧА МААЛЫМАТТЫК САБАТТУУЛУГУНУН ДЕҢГЭЭЛИН АНЫКТОО

# ОПРЕДЕЛЕНИЕ УРОВНЯ ИНФОРМАЦИОННОЙ ГРАМОТНОСТИ ПОЛЬЗОВАТЕЛЕЙ НГУ В ПОИСКЕ НЕОБХОДИМОЙ ИНФОРМАЦИИ, ИСПОЛЬЗОВАНИИ ЕЕ ДЛЯ ПУБЛИКАЦИИ В НАУЧНЫХ ЖУРНАЛАХ

# DETERMINING THE LEVEL OF INFORMATION LITERACY OF NSU USERS IN SEARCHING FOR THE NECESSARY INFORMATION, USING IT FOR PUBLICATION IN SCIENTIFIC JOURNALS

***Аннотация.*** *Бул макалада С. Нааматов атындагы НМУда 2024-жылдын 16-февралынан 2024-жылдын 25-мартына чейин НМУнун колдонуучуларынын (ПОКнын (профессордукокутуучулук курамынын), студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын) керектүү маалыматты издөө, аларды илимий журналдарда публикация үчүн колдонуу боюнча маалыматтык сабаттуулугунун деңгээлин аныктоо боюнча жүргүзүлгөн изилдөөчүлүк долбоордун жыйынтыктары берилет.*

***Аннотация.*** *В этой статье представлены результаты научно-исследовательского проекта, проведенного с 16 февраля 2024 года по 25 марта 2024 года в НГУ имени Нааматова по определению уровня информационной грамотности пользователей НГУ (преподавателей, студентов, магистрантов, аспирантов) в поиске необходимой информации и использовании ее для публикации в научных журналах.*

***Annotation.*** *This article presents the results of a research project conducted from February 16, 2024 to March 25, 2024 at Naamatov NSU to determine the level of information literacy of NSU users (teachers, students, undergraduates, graduate students) in finding the necessary information and using it for publication in scientific journals.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *аныктоо, деңгээл, илимий журнал, маалымат издөө, маалыматтык сабаттуулук, публикация.*

***Ключевые слова:*** *определение, уровень, научный журнал, информационный поиск, информационная грамотность, публикация.*

***Keywords:*** *definition, level, scientific journal, information retrieval, information literacy, publication.*

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде 2024-жылдын 16-февралынан 2024-жылдын 25-мартына чейин НМУнун колдонуучуларынын (ПОКнын (профессордукокутуучулук курамынын), студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын) керектүү маалыматты издөө, аларды илимий журналдарда публикация үчүн колдонуу боюнча маалыматтык сабаттуулугунун деңгээлин аныктоо боюнча изилдөөчүлүк долбоор ишке ашырылды. Төмөндө ушул долбоордун материалдарын сунуштайбыз.

## Киришүү

**Кырдаалдын кыскача сыпаттамасы:**

Бардыгыбызга белгилүү болгондой, илим – коомдук өнүгүүнүн кубаттуу кыймылдаткычы. Ал коом үчүн белгилүү бир роль ойнойт жана бир катар кызматтарды аткарат: жаңы билимдерди түзүү, билим берүүнү өркүндөтүү жана жашоонун сапатын жогорулатуу. Эгерде илим өнүксө, өлкө да өнүгөт. Бул багытта жогорку окуу жайлар илимдин өнүгүүсүндө маанилүү роль ойношуп, зарыл билимдер менен шарттарды камсыздашат. Сапаттуу изилдөө жүргүзүү, диссертация жазуу үчүн керектүү маалыматты издөөдө китепканалык ресурстарга жетүү абдан маанилүү.

Азыркы учурда электрондук ресурстарды колдонуу коомдук дагы, кесиптик дагы ишмердүүлүктөгү эң актуалдуу жана эң маанилүү аспект болуп саналат. Дал ушул электрондук ресурстар аркылуу эң жаңы изилдөөлөргө, илимдин жана техниканын жаңылыктарына, окуу материалдарына жетүүнү камсыздоочу жана билим берүү процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналуучу маалыматтуулук жүзөгө ашырылат. Маалыматтар агымынын дайыма жаңылануусунан улам сапаттуу ишеничтүү билим берүү ресурстарына, ачык дагы, жазылма дагы электрондук-китепканалык тутумдарга жетүү маанилүү, алар ар бир колдонуучунун илимийизилдөө ишмердүүлүгүн жеңилдетишет. **Максаты жана милдеттери:**

**Максаты:** С. Нааматов атындагы НМУнун колдонуучуларынын (ПОКнын, студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын) керектүү маалыматты издөөдөгү, аларды илимий журналдарда публикацияларда колдонуудагы маалыматтык сабаттуулугунун деңгээлин аныктоо.

Милдеттери:

- Актуалдуу, текшерилген жана релеванттуу маалыматты табуу үчүн издөө тутумдарын колдонуу көндүмдөрүн изилдөө.
- Изилдөөчүнүн электрондук чөйрөдөгү ар түрдүү булактардан алынган маалыматты баалоо жана талдоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн баалоо.
- Актуалдуу илимий макалаларды, отчетторду, диссертацияларды жана башка булактарды издөө үчүн илимий маалыматтардын базалары жана архивдери менен иштөө көндүмдөрүнүн денгээлин текшерүү.
- Колдонуучуларга маалыматтык, кеңеш берүүчүлүк жана окутуп-үйрөтүүчүлүк колдоо көрсөтүү. **Изилдөөнүн предмети жана негизги маселеси, гипотезасы жана усулдары:**

**Изилдөөнүн негизги предметин** студенттер, магистранттар, аспиранттар, профессордук-окутуучулук курам жана алардын керектүү маалыматты издөөдөгү маалыматтык сабаттуулугунун деңгээли түзөт. Анткени, өлкөнүн дүйнөдөгү туруму, экономикадагы, саламаттыкты сактоодогу, социалдык чөйрөдөгү ийгиликтери илимий прогресстен, эң жаңы илимий натыйжалардан жана аларды тажрыйбалык колдонуудан көз каранды болот.

**Изилдөөнүн негизги маселеси** – бул сапаттуу маалыматка жетүү. Ушул багытта колдонуучулардын керектөөлөрүн талдоо зарыл. Биз берилген теманы изилдөөчүлөр катары ушул багытта маанилүү колдоо көрсөтө алабыз.

**Изилдөөнүн божомолу** – сапаттуу маалыматты издөө жана ага жетүү билгичтиги жаңы билимдер менен инновацияларды түзүүгө түрткү боло алат. Бул илимий изилдөөлөр, жаңы өнүмдөр менен кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуулар, ошондой эле проблемалардын креативдүү чечилиштерин табуу үчүн маанилүү.

**Изилдөөнүн усулдары**:

- С. Нааматов атындагы НМУнун колдонуучуларынын (студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, профессордук-окутуучулук курамдын) арасында

маалыматтык сабаттуулуктун учурдагы деңгээлин баалоо үчүн анкета алуу менен сурамжылоо жүргүзүү;

- Маалыматтык сабаттуулуктун булактарды баалоо, китепканалык маалыматтар базаларын майнаптуу колдонуу билгичтиктери өңдүү түйүндүү компоненттерин бөлүп көрсөтүү;
- Колдонуучулардын академиялык макалаларды, веб сайттарды, социалдык тармактарды
ж.б. кошо ар түрдүү булактардан алынган маалыматтын сапатын талдоо жана баалоо билгичтиктерин изилдөө;
- Изилдөөнүн натыйжалары боюнча изилдөөчүлүк сабаттуулук жана керектүү маалыматты издөө боюнча окутуп-үйрөтүүчү семинар-тренингдерди иштеп чыгуу жана студенттерди, магистранттарды, аспиранттарды, профессордук-окутуучулук курамды маалыматтык сабаттуулуктун деңгээлин жогорулатууга жана электрондук-китепканалык тутумдарды колдонууда көмөк көрсөтүүгө окутуп-үйрөтүү;
- Изилдөөчүлүк маалыматтык сабаттуулукту жакшыртуу үчүн конкреттүү сунуштарды жана иш-чаралардын темаларын берүү;
- Изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде колдо бар материалдарды Магистратура, аспрантура жана докторантура жогорку мектебинин өкүлдөрүнө кийин алар бардык магистранттардын, аспиранттардын, докторанттардын арасында маалыматтык сабаттуулуктун деңгээлин жогорулатуу жана электрондук-китепканалык тутумдарды колдонууда көмөк көрсөтүү үчүн окутуп-үйрөтүүчү семинар-тренингдерди максатка багыттуу уюштура жана өткөрө алышсын үчүн өткөрүп берүү;
- С. Нааматов атындагы НМУнун колдонуучуларынын (студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын, профессордук-окутуучулук курамынын) изилдөөчүлүк маалыматтык сабаттуулугун жакшыртуу үчүн конкреттүү сунуштарды берүү жана иш-чаралардын темаларын сунуштоо.

**Талдоочулук бөлүгү. Ал өзүнө маалыматтын төмөнкү түрлөрүн камтууга тийиш:**

**Жасалган иштин мазмунун сыпаттоо (эмне, качан жана кандай усулдарды колдонуп жасалды):**

Адегенде С. Нааматов атындагы НМУнун Ж. Саалаев атындагы Илимий китепканасынын, Магистратура, аспирантура жана докторантура жогорку мектебинин, Жаш окумуштуулар кеңешинин өкүлдөрүнөн турган долбоорду аткаруу боюнча жумушчу топ түзүлдү. Анын курамына долбоордун жетекчиси Г. А. Кыдыралиева, долбоордун мүчөлөрү А. С. Жантаев, А. Н. Белекова, Ж. Орозобек кызы кирди. Жумушчу топ алгачкы кадамын изилдөөнү жүргүзүүнүн усулун тандоодон баштады. Өз ара кеңешүүдөн кийин колдонуучулардан гугл форманын жардамы менен анкета алуу эмпирикалык усулу жактырылды.

Экинчи кадам анкетанын суроолорун түзүү болуп калды. Башында 25 (жыйырма беш) суроодон турган анкета даярдалды. Жумушчу топ анкетанын суроолорун талкуулоодон кийин 15 (он беш) суроону тандап алды.

Үчүнчү кадамыбыз тандалып алынган суроолорду гугл формага жайгаштыруу менен жүзөгө ашырылды.

Долбоорду аткаруунун төртүнчү кадамы – гугл формага салынган анкетаны колдонуучулар арасында таратуу жана алардын жоопторун алуу болду. Азыркы учурга

карата бардыгы болуп 176 (жүз жетимиш алты) респондент анкетанын суроолоруна жооп беришти.

Бешинчи кадам анкетанын суроолоруна алынган жоопторду талдоо, аларды иштетүү болду. Аны долбоордун натыйжаларын сыпаттоодо баяндап беребиз. **Алынган натыйжаларды сыпаттоо жана аларды талкуулоо:**

С. Нааматов атындагы НМУнун колдонуучуларынын (студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын, ПОКнын) арасында жүргүзүлгөн изилдөөдөн – анкета алуудан төмөнкүдөй натыйжалар алынды:

1) Сиздин жашыңыз? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 176 респондент жооп берген):

- 18-23 жаш – 43,8% же 77 респондент;
- 24-35 жаш – 22,7% же 40 респондент;
- 36-45 жаш – 21,6% же 38 респондент;  46-70 жаш – 11,9% же 21 респондент.

2) Сиздин жынысыңыз? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 176 респондент жооп берген):

 эркек – 17,6% же 31 респондент;  аял – 82,4% же 145 респондент.

3) Сиздин кесиптик ишмердүүлүгүңүз? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 176 респондент жооп берген):

- студент – 43,8% же 77 респондент;
- магистрант – 25,6% же 45 респондент;
- аспирант – 3,3% же 6 респондент;
- окутуучу (улук окутуучу, доцент, профессор) – 27,3% же 48 респондент.

4) Сиз иш алып барып жаткан илимий тармак? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 176 респондент жооп берген):

- жаңы маалыматтык технологиялар – 7,4% же 13 респондент;
- педагогика-психология илимдери – 29% же 51 респондент;
- социалдык-гуманитардык илимдер – 2,3% же 4 респондент;
- табигый илимдер – 10,2% же 18 респондент;
- техника илимдери – 10,2% же 18 респондент;
- филология илимдери – 17,6% же 31 респондент;
- экономика илимдери – 8% же 14 респондент;
- башкасы – 9,7% же 17 респондент;
- жооп берүүдөн кыйналам – 5,7% же 10 респондент.

5) Сиз маалыматтарды кайсыл жактан аласыз? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген, эки жоопту тең тандай алышкан):  онлайн ресурстардан – 96,6% же 169 респондент;

 илимий китепканадан – 51,4% же 90 респондент.

6) Эгерде онлайн-ресурстарды тандаган болсоңуз, тактап кетсеңиз? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген, бир нече жоопту тандай алышкан):

- издөө тутумдары – 59,4% же 104 респондент;
- социалдык тармактар – 60% же 105 респондент;
- электрондук китепканалар – 55,4% же 97 респондент;

- башкасы – 4% же 7 респондент (бирок, башкасы эмне экенин так көрсөтүшкөн эмес);  жооп берүүдөн кыйналам – 2,3% же 4 респондент.

7) Колдонгон электрондук ресурстар сиздин изилдөөчүлүк муктаждыгыңызды канааттандырабы? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген):

- ооба – 56,6% же 99 респондент;
- жок – 1,7% же 3 респондент;
- жарым-жартылай – 40,6% же 71 респондент;
- башкасы – 0,6% же 1 респондент (бирок, башкасы эмне экенин так көрсөткөн эмес);  жооп берүүдөн кыйналам – 0,6% же 1 респондент.

8) Ишеничтүү, анык электрондук маалыматтарды алууда кандай тоскоолдуктарга учурадыңыз? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген, бир нече жоопту тандай алышкан):

- изилдөө үчүн зарыл материалдарды табуу кыйын – 66,9% же 117 респондент;
- электрондук китепканалык системанын жоктугу – 27,4% же 48 респондент;
- электрондук ачык ресурстарда менин суроо-талабыма ылайык маалыматтар жокко эсе – 33,7% же 59 респондент;
- башкасы – 8,6% же 15 респондент (бирок, башкасы эмне экенин так көрсөтүшкөн эмес);
- жооп берүүдөн кыйналам – 5,1% же 9 респондент.

9) Илимий тастыкталган маалымат менен жалган маалыматтарды айырмалай аласызбы?
– деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген):

- ооба – 61,7% же 108 респондент;
- жок – 20% же 35 респондент;
- башкасы – 2,9% же 5 респондент (бирок, башкасы эмне экенин так көрсөтүшкөн эмес);  жооп берүүдөн кыйналам – 15,4% же 27 респондент.

10) Университеттеги электрондук китепкананын кызматынан колдоносузбу? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген):

- ооба – 33,7% же 59 респондент;
- жок – 62,3% же 109 респондент;
- башкасы – 3,4% же 6 респондент (бирок, башкасы эмне экенин так көрсөтүшкөн эмес);  жооп берүүдөн кыйналам – 0,6% же 1 респондент.

11) Электрондук ачык ресурстарды издөөдө, тандоодо, колдонууда кандай муктаждыктарыңыз бар? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген):

- китепкананын кызматкерлеринин кеңеши – 27,4% же 48 респондент;
- маалымат сабаттуулугу боюнча кыска мөөнөттүү окутуулар – 39,4% же 69 респондент;
- башкасы – 17,7% же 31 респондент;  жооп берүүдөн кыйналам – 15,4% же 27 респондент.

12) Университеттин электрондук китепканасынын эффективдүү иш алып баруусу үчүн эмне кылууну сунуштайсыз? Кыскача жазып берсеңиз – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген):

Билбейм

Сунушум жок

Сунуш жок

Билбейм

Жооп бере албайм

Электрондук системага толук өткөрүү керек

НМУнун башкы корпусунда электрондук китепкана болушу керек.

НМУнун башка корпусуна электрондук китепкананын ачылышы.

Жок

Электрондук китепкананын сапатын жогорулатуу керек

Бардык колдонуучуларга кеңири жана жеткиликтүү маалымат берүү Китептерди көбөйтүү

Социалдык тармакка жүктөлсө

Информацияларды ылгоо

Жакшы маалымат керек канаттандырарлык

Жаңы чыгарылыштагы адабияттарды каталогдо жаңыртып, маалымат берип туруу

Тыгыз байланыш жалпы окутуучулук курамга кызматты түшүндүрүп жайылтуу.

Илимий китепкана жогорку окуу жайдын маалымат жана маданият мейкиндигинин өзөгүн түзөт. Ошондой эле өз алдынча билим берүү жана аны колдонуучулардын кесиптик өсүшү үчүн сонун шарт болуп эсептелет. Электрондук китепкананын маалымат берүү формаларын кеңири колдонуу үчүн студенттер менен тыгыз иш алып баруу керек деп ойлойм.

Эч нерсе

Электрондук китепканага тиешелүү маалыматтарды жайылтуу зарыл

Жаңы китептерди китепканага алып келишин сунуштаар элем

Жаңы адабияттардын каталогу жаңырып, толукталып, маалымат убагында берилип турушу

Тыгыз байланыш, электрондук сайт өзүнчө, бардык китептер толук кирсе сайтка пдф форматында. Жыл башында рекламалоо ар бир колледж, факультеттерге.

Дагы жакшыртуусун

Кыргыз тилинде болуусун каалайт элем каражаттардын.

Заманбап оргтехникалар менен камсыздоо, жогорку ылдамдыктагы интернет менен камсыздоо

Студенттерди өздөрүнө тартууну

Техникалык базасын чыңдоо, интернет менен камсыз кылуу.

Маалыматтарын жаңылоо, толуктоо

Дайыма биргеликте кызматташуу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушса Жооп бере албайм

Бардыгына маалыматтарды толук жана туура жеткизүү

Китепкананын бардыгында компьютер болуп, биз издөө үчүн ыңгайлуулук түзүлүш керек деп ойлойм

Китепкана студенттер менен тыгыз иштеш керек эле.

Ар тармак боюнча китептерди өз-өзүнчө жайгаштырууну Жакшы китеп көп болсун

Ыңгайлуу, түшүнүктүү

Сунушум жок

Кеңири жайылтуу

Жаңы электрондук китептер менен толуктоо
Кеңейтүү
Көп китеп болсун
Такталган система
Китепкананын кызматкерлеринин кеңеши
Дүйнөлүк деңгээлдеги китептер булагын көбөйтүү, аспиранттарга илимий маалымат булактарын кеңейтүү сунушум...
Көп кызыктыруучу, жаңы чыгып жаткан китептерди чыгаруу
Жакшы мамиле
Эч кандай сунушум деле жок
Ийгилик каалайм
Адамдарга толук маалымат жеткизүү
Бекер интернет
Айта албайм
Кыргызча маалыматтар көп болуусун
Окуучуларды, студенттерди кызыктырып реклама тартса
болот Маалыматтар баарына жеткиликтүү болуш керек
Китептеги болгон маалыматты электрондоштуруу!
Электрондук китепкананын ишин жайылтуу
Туура жана так маалыматты берүүнү
Билим берүү тармагындагылар үчүн университеттин электрондук китепканасы
Эң жакшы иштерине ийгилик
Окутуучуларга ссылка кетирип коюу жакшы болот
Жаңы маалыматтарды убактысы менен жеткирүү, жакшы керектүү китеп, источниктерди сунуштоо, жайылтуу
Жетишсиз китептердин электрондук варианттарын даярдоо
Активдүү иштешин
Мага бары эле ыңгайлуу
Сунушум жок
Баары жагат
Дайыма студенттер менен китепкана жетекчисинин жакшы мамиледе болуусу.
Маалымат берилсе электрондук китепкана тууралуу
Китепкана өз ишмердүүлүгү жана базасы тууралуу маалыматтык иш алып барыш керек.
Жакшы иш алып баруу
Көп маалыматтарды табуу, изденүүнү сунуштайт элем.
Окурманга китепти мөөнөт менен берүү.
Материалдык жабдыктарды көбөйтүү
Студенттерди китепке тартуу, актуалдуу болуп жаткан китептерди кошуу ж.а. окурмандарга толук шарт түзүү.
Башка эл аралык китепканалар менен электрондук байланышты өнүктүрсө
Мисалы (электронный книга деген сыяктуу) приложениеси болсо жана колдонууга ыңгайлуу болсо, ар бир студент көчүрүп алып колдонсо ыңгайлуу болот деп ойлойм Саламатсызбы.
Мм

Электронный болгон китептер студенттерге кызыктуу болот. Электронный болгон китептерди да китепканага алып келсе

Тейлөө кызматы жакшыртылсын

Көбүрөөк китептерди коюшун

Билбейм

Дагы да болсо замандын талабына жараша иш алып баруусун

Колдобойм электрондук китепти анткени ал жалкоолукка үндөйт деп эсептейм. Жаңы китептерди киргизип турууну

Интернеттен табылбачу кыргызча маалыматтар киргизилсе жакшы болмок, анткени кыргыз тилден, тарыхтан, манас таануудан тапшырма берилгенде көбүнчө кыргызча маалымат табылбай орусчадан кыргызчага которгон күндөр болгон

Чет тилиндеги китеп көп болуусу

Курс ачып окутуусу

Ылайыктуу китептерди түшүндүрүп маалымат берип туура китеп тандоого көмөк көрсөтсө

Кызыкдар китептен бар болуусу

….

.. ...

Көбүрөөк китептерден киргизүүнү Ал

жөнүндө ойлонбоптурмун.

Курс ачуу

Электрондук китептердин көп болуусун.

Кыскасы оңой кирүүнү сунуштайм

Электрондук китепкана фондусун толуктоо, ачык ресурстардын санын арбытуу, дипломдук, магистрлик иштердин тексттерин, кандидаттык, докторлук диссертациялардын тексттерин (НМУда аткарылган) киргизүү абзел.

13) Сиз электрондук ресурстарды колдонуу менен өз илимий макалаңызды жарыялай алдыңызбы? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген);

- 1-4 – 15,4% же 27 респондент;
- 5-9 – 6,9% же 12 респондент;
- андан көп – 4,6% же 8 респондент
- мен илимий публикация жарыялай алган жокмун – 8% же 14 респондент;  менин илимий публикация жарыялай алган жокмун – 65,1% же 114 респондент.

14) Сиз өз изилдөөлөрүңүздүн натыйжаларын кайсыл басылмаларда жарыяладыңыз? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген, бир нече жоопту тандай алышкан):

- университеттин илимий басылмасында – 19,4% же 34 респондент;
- өлкөбүздүн илимий басылмаларында – 9,7% же 17 респондент;
- чет элдик илимий басылмаларда – 10,9% же 19 респондент;  менин илимий публикацияларым жок – 66,9% же 117 респондент;
- вариант 5 – 5,7% же 10 респондент.

15) Сиз электрондук ресурстарды колдонууда кандай көндүмдөргө, тажрыйбага жана сапаттарга ээ болгуңуз келет? – деген суроого берилген жооптор (бардыгы 175 респондент жооп берген, бир нече жоопту тандай алышкан):

- ар түрдүү маалыматтар менен ыкчам иштөө – 59,4% же 104 респондент;

- илимий билимдердин жаңы тармактарын өз алдынча өздөштүрүү – 47,4% же 83 респондент;
- чет тилин (тилдерин) үйрөнүү – 40,6% же 71 респондент;
- электрондук ачык ресурстар менен иштөө көндүмдөрүнө ээ болуу – 46,9% же 82 респондент;
- башкасы – 4% же 7 респондент (бирок, башкасы эмне экенин так көрсөтүшкөн эмес);  жооп берүүдөн кыйналам – 5,1% же 9 респондент.

Анкетанын биринчи суроосуна алынган жооптор 77 респондент 18-23 жашта, 40 респондент 24-35 жашта, 38 респондент 36-45 жашта, 21 респондент 46-70 жашта экендигин көрсөтөт. Демек, университеттин электрондук ачык ресурстарды колдонуучуларынын басымдуу көпчүлүгү жаштар болуп саналат.

Экинчи суроого берилген жооптор респонденттердин 31и эркектер, 145и аялдар экендигин көрсөтөт. Бул реалдуу эле көрүнүш. Анткени, университетте студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, профессордук-окутуучулук курамдын арасында аялдар басымдуулук кылышат.

Үчүнчү суроонун жооптору 77 респондент студенттер, 45 респондент магистранттар, 6 респондент аспиранттар, 48 респондент профессордук-окутуучулук курамдын мүчөлөрү экендигин тастыктайт.

Төртүнчү суроого берилген жооптор 13 респондент жаңы маалыматтык технологиялар, 51 респондент педагогика-психология илимдери, 4 респондент социалдык-гуманитардык илимдер, 18 респондент табигый илимдер, 18 респондент техника илимдери, 31 респондент филология илимдери, 14 респондент экономика илимдери жаатында иш жүргүзөрүн айгинелейт. Бул суроого 17 респондент башкасы деген жоопту, 10 респондент жооп берүүдөн кыйналам деген жоопту тандап алышкан.

Бешинчи суроого алынган жооптор 169 респондент маалыматтарды онлайн ресурстардан, ал эми 90 респондент илимий китепканадан ала тургандыктарын аныктайт. Көрүнүп тургандай, илимий изилдөө үчүн, мейли, ал курстук иш, дипломдук иш, магистрлик диссертация, кандидаттык диссертация же илимий макала болобу, респонденттердин басымдуу көпчүлүгү маалыматтарды онлайн ресурстардан алышат.

Алтынчы суроого (мында бир нече жооптуу тандай алышкан) берилген жооптор онлайн ресурстардан маалыматтарды издөөдө 104 респондент издөө тутумдарын, 105 респондент социалдык тармактарды, 97 респондент электрондук китепканаларды колдонушарын көрсөтөт. Ал эми 7 респондент башкасы деген, 4 респондент жооп берүүдөн кыйналам деген жоопту тандашкан.

Жетинчи суроонун жооптору электрондук ресурстар 99 респонденттин изилдөөчүлүк муктаждыгын канааттандырарын, 3 респонденттикин канааттандырбай турганын, 71 респонденттикин жарым-жартылай канааттандырарын аныктайт. Ал эми 1 респондент башкасы деген, 1 респондент жооп берүүдөн кыйналам деген жоопту тандаган.

Сегизинчи суроого (мында бир нече жоопту тандай алышкан) берилген жооптордо 117 респондент изилдөө үчүн зарыл материалдарды табуу кыйын экенин, 48 респондент электрондук китепканалык система жоктугун, 59 респондент электрондук ачык ресурстарда алардын суроо-талабына ылайык маалыматтар жокко эсе экенин билдиришкен. Ал эми 15 респондент башкасы деген жоопту, 9 респондент жооп берүүдөн кыйналам деген жоопту тандашкан. Демек, университеттин электрондук

китепканасынын ишин жакшыртуу, анын маалыматтар базасын көбөйтүү зарылчылыгы бар.

Тогузунчу суроонун жооптору илимий тастыкталган маалымат менен жалган маалыматты 108 респондент айырмалай аларын, 35 респондент айырмалай албасын көрсөтөт. Бул суроого 5 респондент башкасы деген, 27 респондент жооп берүүдөн кыйналам деген жоопту беришкен. Демек, илимий тастыкталган маалыматты жана жалган маалыматты айырмалай билүү көндүмүн калыптандыруу абзел.

Онунчу суроого алынган жооптор университеттин электрондук китепканасынын кызматынан 59 респондент колдонорун, 109 респондент колдонбосун аныктайт. Ал эми 6 респондент башкасы деген, 1 респондент жооп берүүдөн кыйналам деген жоопту тандашкан. Демек, университеттин электрондук китепканасынын ишин жакшыртуу, анын маалыматтар базасын көбөйтүү зарылчылыгы барлыгы дагы бир ирет айгиненелент.

Он биринчи суроого жоопордо 48 респондент китепкананын кызматкерлеринен кеңешине, 69 респондент маалымат сабаттуулугу боюнча кыска мөөнөттүү окутууларга муктаж экенин билдиришкен. Ал эми 31 респондент башкасы деген, 27 респондент жооп берүүдөн кыйналам деген жоопту тандашкан. Демек, электрондук ачык ресурстар менен иштөө боюнча кыска мөөнөттүү курстарды уюштуруп өткөрүү абзел.

Он экинчи суроодо респонденттер университеттин электрондук китепканасынын ишин жакшыртуу үчүн сунуштарды бериши керек эле. Биз төмөндө алар тарабынан берилген маанилүү сунуштарды тизмелеп кетели:

- Тыгыз байланыш жалпы окутуучулук курамга кызматты түшүндүрүп жайылтуу
- Электрондук китепкананын маалымат берүү формаларын кеңири колдонуу үчүн студенттер менен тыгыз иш алып баруу керек деп ойлойм
- Тыгыз байланыш, электрондук сайт өзүнчө, бардык китептер толук кирсе сайтка пдф форматында. Жыл башында рекламалоо ар бир колледж, факультеттерге
- Дүйнөлүк деңгээлдеги китептер булагын көбөйтүү, аспиранттарга илимий маалымат булактарын кеңейтүү сунушум
- Башка эл аралык китепканалар менен электрондук байланышты өнүктүрсө
- Интернеттен табылбачу кыргызча маалыматтар киргизилсе жакшы болмок, анткени кыргыз тилден, тарыхтан, манас таануудан тапшырма берилгенде көбүнчө кыргызча маалымат табылбай орусчадан кыргызчага которгон күндөр болгон
- Электрондук китепкана фондусун толуктоо, ачык ресурстардын санын арбытуу, дипломдук, магистрлик иштердин тексттерин, кандидаттык, докторлук диссертациялардын тексттерин (НМУда аткарылган) киргизүү абзел

Он үчүнчү суроого берилген жооптордон электрондук ресурстарды колдонуу менен өзүнүн 1-4 илимий макаласын 27 респондент, 5-9 илимий макаласын 12 респондент, андан көп илимий макаласын 8 респондент жарыялай алышканын, ал эми 128 респондент жарыялай алышпаганын биле алдык. Демек, респонденттердин электрондук ресурстардан макала жазуу үчүн маалыматтарды издөө жана колдонуу боюнча билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу зарылчылыгы бар. Ушул багытта окууларды уюштуруп өткөрүү абзел.

Он төртүнчү суроого (мында бир нече жоопту тандай алышкан) берилген жооптордон өз изилдөөлөрүнүн натыйжаларын 34 респондент университеттин илимий басылмасында, 17 респондент өлкөбүздүн илимий басылмаларында, 19 респондент чет элдик илимий басылмаларда жарыялай алышканы, ал эми 127 респондент өз

изилдөөлөрүнүн натыйжаларын жарыялай алышпаганы анык болот. Демек, респонденттердин илимий макала жазуу жана аны илимий журналдарга жарыялоо боюнча дагы билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн жогорулатуу зарыл. Ушул багытта да окууларды уюштуруп өткөрүү керек.

Он бешинчи суроого (мында бир нече жоопту тандай алышкан) алынган жооптордон 104 респондент ар түрдүү маалыматтар менен ыкчам иштөө көндүмүнө, 83 респондент илимий билимдердин жаңы тармактарын өз алдынча өздөштүрүү көндүмүнө, 71 респондент чет тилин үйрөнүү көндүмүнө, 82 респондент электрондук ачык ресурстар менен иштөө көндүмүнө ээ болууну каалашарын көрө алабыз. Ал эми бул суроодо 7 респондент башкасы деген, 9 респондент жооп берүүдөн кыйналам деген жоопту тандашкан. Көрүнүп тургандай, анкетага жооп бергендердин басымдуу көпчүлүгү электрондук ресурстарды өз ишмердүүлүгүндө колдонуу көндүмдөрүн жана тажрыйбасын арттырууну каалашат. Демек, ушул жааттагы кыска мөөнөттүү курстарды уюштуруп өткөрүү зарылчылыгы бар.

Талкуулоодон көрүнүп тургандай, С. Нааматов атындагы НМУнун колдонуучуларынын (студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын, профессордук-окутуучулук курамынын) изилдөөчүлүк маалыматтык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча иш-чаралар планы иштелип чыгып, бул жаатта ырааттуу иштер жүргүзүлүүсү кажет.

Ошентип, изилдөөчүлүк долбоордун жүрүшүндө негизинен анкета алуу (сурамжылоо) усулу басымдуу колдонулду. Ал эми алынган натыйжаларды иштетүү анализ (талдоо) усулунун жардамы менен ишке ашырылды.

**Алынган натыйжалардын мааниси жана аларды колдонуунун дараметтүү аймактары:**

Албетте, биз ишке ашырган НМУнун колдонуучуларынын (профессордук-окутуучулук курамынын, студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын) керектүү маалыматты издөө, аларды илимий журналдарда публикация үчүн колдонуу боюнча маалыматтык сабаттуулугунун деңгээлин аныктоо изилдөөчүлүк долбоорунун жүрүшүндө алынган натыйжалар чоң практикалык мааниге ээ. Анткени, биз изилдөөнүн алкагында НМУнун колдонуучуларынын изилдөөчүлүк маалыматтык сабаттуулугу кандай деңгээлде экендигин, аны жогорулатуу үчүн эмнелер зарыл экендигин билүүгө жетише алдык. Бул болсо бизге ушул жаатта кандай иш-чараларды пландаштыруу жана аткаруу керектигин көрсөттү.

**Корутунду**

Изилдөөнүн акырында биз төмөнкүдөй бир катар тыянактарга келдик:

1. НМУнун колдонуучуларынын (ПОКнын, студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын) керектүү маалыматты издөө, аларды илимий журналдарда публикация үчүн колдонуу боюнча изилдөөчүлүк маалыматтык сабаттуулугун жогорулатуу зарыл. Бул үчүн электрондук ачык ресурстар менен иштөө боюнча семинар-тренингдерди пландаштыруу жана уюштуруп өткөрүү керек.

2. Университеттин электрондук китепканасынын ишин жакшыртуу керек. Бул үчүн электрондук китепкана фондусун толуктоо, ачык ресурстардын санын арбытуу, дипломдук, магистрлик иштердин тексттерин, кандидаттык, докторлук диссертациялардын тексттерин (НМУда аткарылган) киргизүү абзел. Ошондой эле НМУнун окумуштууларынын эмгектерин – окуу китептерин, окуу куралдарын, окуу-усулдук колдонмолорун, дисциплиналар боюнча окуу-усулдук комплекстерин да электрондук китепкананын базасына киргизүү кажет. Бул колдонуучулардын –

студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, керек десе профессордук-окутуучулук курамдын дагы ишмердүүлүккө байланыштуу электрондук ачык ресурстарга болгон керектөөсүн канааттандырууга жол ачат.

3. Колдонуучуларды (студенттерди, магистранттарды, аспиранттарды, докторанттарды, профессордук-окутуучулук курамды) электрондук ачык ресурстардын жардамы менен илимий макалаларды жазууга жана басылмаларга жарыялоого үйрөтүү керек. Муну ишке ашыруу үчүн ушул жааттагы семинар-тренингди иштеп чыгып, колдонуучуларды максаттуу түрдө окутуу зарыл.